КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ
КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ

Д 09.16.534 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

*Кол жазма укугунда*
*УОК: 172.3*

**Хан Надежда Романовна**

# КАТОЛИЦИЗМ, ПРАВОСЛАВИЕ ЖАНА ИСЛАМДАГЫ ОРТО КЫЛЫМДЫК ТЕОКРАТИЯ: КОМПАРАТИВДИК ТАЛДОО

09.00.11 – социалдык философия адистиги

философия илимдеринин кандидаты
илимий даражасын изденүү үчүн жазылган
**Автореферат**

**Бишкек - 2018**

Диссертация Б.Н. Ельцин атындагы Кыргызстан-Россия Славян университетинин илим философиясы кафедрасында жасалды

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору, профессор
**Иванова Ирина Ивановна**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор
**Стамова Рахат Дуйшембуевна**

философия илимдеринин кандидаты, у.и.к.
**Ибраев Кубаныч Шаршекеевич**

**Жетектөөчү уюм:** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин философия жана социалдык гуманитардык илимдер кафедрасы
720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
Ч. Айтматов просп. 66.

Диссертацияны жактоо 2018-жылдын 31-майында, 720071, Бишкек ш., Чүй пр. 265а дареги боюнча КР УИАнын жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдеринин кандидаты даражасын изденүү үчүн диссертацияларды жактоо боюнча Д 09.16.534 Диссертациялык Кеңешинде өткөрүлөт (ДК сайтынын дареги: fil.kg).

Диссертация менен 720071, Бишкек ш., Чүй пр. 265а дареги боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасында таанышса болот.

Автореферат 2018-жылдын 30-апрелинде таркатылды.

Диссертациялык Кеңештин
илимий катчысы,
философия илимдеринин кандидаты,
у.и.к. Акматова Н.С.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Акыркы он жылдыктар аралыгында байкалып келген коомдук-саясий процесстердин эң көрүнүктүү натыйжаларынын бири – диний фактордун туруктуу өсүшү. Мисалы, жакында эле атеисттик идеологиянын үстөмдүгү менен айырмаланган постсоветтик чөлкөм азыркы учурда коомчулуктун дээрлик бардык чөйрөлөрүнүн десекуляризациялоосу, андагы ар түрдүү диний идеологиялардын күч алышы менен мүнөздөлөт. Бул көрүнүш бир жагынан көп улуттуу социумдун салттуу конфессияларынын кайрадан өрчүшү менен коштолсо, экинчи жагынан ал жакта жаңы диний агымдардын калыптанышы менен коштолууда. Мындай акыбал коомдук жашоонун диний жана светтик компоненттеринин өз ара катнашы, алардын ар биринин мамлекеттик башкаруу формасына болгон таасири менен байланышкан проблематиканы актуалдаштырбай кое албайт.

Белгиленген проблематиканы изилдөө үчүн дал келүүчү негиз катары азыркы заман менен окшош өткөн учурда болгон социалдык саясий жагдайларды түшүнүү боло алат. Алардын бири катары диний таалимдердин, секталардын жана культтардын жанаша жашаган, алардын көбү жалпы дин ордун басууга аракеттенген, бирок алардын бирине гана артыкчылык берилген жагдайды кароого болот. Ошол эле учурда католицизм, православие жана исламдын теократиялык башкаруу жана теократиялык схемаларынын ар түрдүү ыкмаларын салыштыруу өзгөчө баалуу көрүнөт. Чындыгында, диний компонентти колдонуу жолу менен мамлекетти борбордоштуруунун тарыхый белгилүү жетишкендиги теократиялардын өзгөчөлүктөрү менен алардын коомго болгон таасири ортосундагы белгиленген байланыштын бардыгын божомолдоого шарт түзөт. Бул сыяктуу маалыматтарды талдоо көп маданияттуу, көп этникалуу чөйрөдө болуп жаткан заманбап диний процесстердин социалдык натыйжаларын прогноздоодо жакшы таяныч болуп бере алат.

Жалпы Борбордук Азия регионунда, анын ичинде Кыргызстанда диний фактордун ролу өрчүп келүүдө, ислам бир гана кыргыздардын салтына жарашкан ханафий мазхабынын чегинде гана эмес, теократиялык элементтин ролу такыр башка аксиологиялык позицияларда турган бөтөн ислам окууларынын багытында дагы өнүгүүдө. Ортоңку кылым заманынын теократиялык схемалары жана алардын экспликациялоо жолу менен заманбап социалдык-саясий жагдайга өткөрүлгөн түптөлүүсүнүн кесепеттери ретроспективдик талдоого жана анын натыйжасында заманбап коомдогу диний-саясий кырдаалды прогноздоого туш келүүгө шарт түзөт. Ошондуктан бир убакта христиандар жана мусулмандар цивилизацияларынын жаралышына түрткү берген теократияны түшүнүүнү интегративдик-компаративдүү түрдө жүргүзүү, жана аны менен бирге заманбап дүйнөнүн жана конкреттүү түрдө Кыргызстандын бир гана башаттарын эмес,

социалдык-саясий перспективаларын дагы терең түшүнүү жалпы максатка ылайыктуу.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлүүчү негизги илимий изилдөө программалар менен болгон байланышы**

Диссертациянын темасы Кыргызстан-Россия Славян университетинин «Социалдык философия», «Диний доктриналар жана саясий катнаштар», «Заманбап баскычтагы Кыргызстандын коопсуздугу» приоритеттүү илимий багыттарына кирет.

Изилдөөнүн объекти катары дин менен саясаттын ортосундагы өз ара байланыш жана көз карандылык каралган. Изилдөөнүн предмети катарында ар түрдүү формаларындагы орто кылымдык теократия саналат. Дал ушул формаларын компаративдик талдоо аркылуу теократиянын табиятын, анын функцияларын жана түзүлүшүн кароо жүргүзүлгөн.

**Изилдөөнүн максаттары жана маселелери**

Диссертациянын негизги **максаты** – философиялык, теологиялык жана башка ар түрдүү илимий булактарды изилдөө жолу менен компаративдик жана ретроспективдик талдоо аркылуу католицизм, православие жана исламдын орто кылым доорундагы теократиялык схемаларын табуу, мамлекеттин түзүлүшүндөгү теократиянын ролун жана функцияларын аныктоо, теократиянын коомдук өнүгүүгө болгон таасиринин деңгээлин баамдоо.

Коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөнүн жүрүшүндө бир катар **маселелерди** чечүү кажет болду:

– «теократия» терминин, «теократия» түшүнүгүн, теократия феноменин өз ара айырмалаштыруу жана дискурсивдүү талдоо методу аркылуу теократия түшүнүгүн тактоо;

– теократиянын ааламдашуу доорунун диний-саясий феномени катары продуктивдүү талдоо үчүн ретроспективдик компаративистиканын критерийлерин тактоо;

– классификация процедурасынын методологиялык критерийлерине ылайык теократиянын керектүү белгилерин жана формаларын аныктоо жана аны классификациялоо;

– Орто кылым заманында Орто-Жер деңиздик өлкөлөрүнө таандык мамлекеттик түзүмдүн структурасындагы теократиянын ордун аныктоо;

– католицизмдин жана православиенин теократиялык схемаларынын жалпы жана өзгөчө белгилерин аныктоо;

– ислам теократиясынын өзгөчөлүктөрүн исламга чейинки диний маданияттардын контекстинде карап чыгуу;

– Русьтагы христианчылыктын кабыл алынышын социалдык-саясий чечимдин натыйжасы катары негиздөө;

– христианчылыктын теократиялык схемаларынын жалпы жана өзгөчө жактарын табуу;

– ислам жана христиан теократияларын компаративдик талдоо, алардын өз ара байланышын жана көз карандылыгын табуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** орто кылымдык теокртиянын көп түрдүү формаларын кеңири компаративдик талдоодо, анын глобалисттик коом үчүн маанилүүлүгүнүн мүнөзүн аныктоодо камтылган. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий жаңылыкка ээ болгон төмөнкү конкреттүү натыйжалар алынды:

• теократияны изилдөө боюнча ар түрдүү мамилелердин, анын ичинде классфикациялоо-типологизациялоо (философиялык, жеке-илимий, теологиялык) мамилелерди комплекстүү системдештирүү жүргүзүлдү, алардын методологиялык жактан баалуу сүрөттөмөсү жалпыланган түрдө көрсөтүлдү;

• «теократия» жана «теократиялык башкаруу формасы» түшүнүктөрүнүн үстүнөн критикалык талдоо жүргүзүлдү, азыркы учурда бул багытта калыптанып калган изилдөө мамилелеринин канааттаандырбаган жактары аныкталды;

• теократияны изилдөөдөгү компаративисттик мамиленин теоретикалык-методологиялык маанилүүлүгү негизделди, теократиянын ар түрдүү формаларын салыштырмалуу талдоо үчүн социалдык жана социалдык-саясий жагынан объективдүү түрдө маанилүү, чындыгында берилген феномендин олуттуу белгилерин чагылдыруучу критерийлер сунушталды;

• теократия феноменинде анын диний жана секулярдык компоненттери такталды, «теократия» түшүнүгүндө коомдук чөйрөнүн кубулушун сүрөттөгөн бардык аспектилер бөлүнүп чыгарылды;

• бекитилген компаративисттик критерийлердин жардамы менен орто кылымдык теократиянын схемаларынын үстүнөн салыштырмалуу талдоо жүргүзүлүп, анын негизинде теократиялык башкаруунун өздүк классификациясы сунушталды;

• кризистик социалдык акыбалдын контекстинде орто кылымдык теократияны талдоо аркылуу теократиянын социалдык процесстерге карата болгон карама-каршы таасир этүүсүнүн кээ бир механизмдери аныкталды;

• ретроспекция сыяктуу методологиялык жактан баалуу аналитикасынын өзгөчөлүктөрү такталды, анын маданий-тарыхый компаративистика менен байланышы көрсөтүлдү, орто кылымдык теократияны ретроспективдик талдоо жолу аркылуу коомдук-саясий окуяларды социалдык жактан прогноздоо мүмкүнчүлүктөрү;

• теократиянын диний жана секулярдык аспектилеринин ортосундагы катнаштын мисалында мамлекеттик-саясиий түзүлүштүн өнүгүүсүндөгү жалпы жана жеке жактарынын диалектикасы конкреттештирилди.

**Теоретикалык маанилүүлүгү**

Теоретикалык маанилүүлүгү белгиленген проблемаларды коюу жана алардын үстүнөн иш алып баруу теократия феноменин изилдөөгө олуттуу салым кошуусунда. Негизги теоретикалык жоболорду диний жамааттарды

изилдөөдө жана диний-саясий окуяларды социалдык прогноздоодо колдонуу мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациянын жоболорун жана жыйынтыктарын социалдык философиянын, саясат таануунун, дин таануунун бир катар курстар бөлүгүн. Католицизм, православие жана исламдын түзүлүшү жөнүндө конкреттүү маалыматтар өзгөчө практикалык кызыгуу жаратат, алар философия, тарых, социология, маданият таануу, дин таануу, регион таануу, глобалистика жаатындагы адистерге – эң кеңири социалдык-гуманитардык чөйрөдөгү аналитиктерге пайдалуу болот. Диссертациялык изилдөөнүн жоболору жана жыйынтыктары дин таануу жана теология, саясат таануу жана социалдык философия жаатында адистешкен студенттер үчүн кээ бир атайын предметтерди – «Дин философиясын», «Дин социологиясын», «Диндин социалдык функцияларын», «Дин жана маданиятты», «Дин жана саясатты», «Дин жана укукту» – эң олуттуу түрдө байыта алат. Дал ушул жол менен диссертациянын автору ушул убакка чейин өзүнүн материалын жогоруда көрсөтүлгөн темаларды жана курстарды берүүдө окутуу практикасында (Кыргызстан-Россия Славян университетинде, илим философиясы жана саясат таануу кафедраларында) колдонгон.

Мындан тышкары, диссертацияда иштелип чыккан теократияны изилдөө ык-амалдары социалдык көзөмөл жана башкаруу, диний экспертиза, диний уюмдарын жана саясий бийликтин өз ара аракеттешүүсү, коомдук өнүгүүнү прогноздоо проблемаларын чечүүдө тийиштүү тармактагы адистер арасында кеңири колдонууну таба алат.

**Диссертацияны жактоого алып чыгарылган негизги жоболор:**

**1.** Теократия феноменин диний-саясий чөйрөгө таандыгына байланыштуу бул түшүнүктү аныктоо адатынча дин таануунун, дисциплиналар аралык медиевистиканын, социологиянын же саясат таануунун чегинде каралган. Ошол эле учурда жогоруда көрсөтүлгөн изилдөө багыттарынын жекече илимий мүнөзүнөн улам азырынча жалпысынан теократиянын, ошондой эле анын коомду башкаруудагы ролуна карата болгон бир бүтүн көз караш табуу мүмкүн болбой келүүдө. Мындай жагдай теократияны компаративдик багытта аткарылган социалдык-философиялык талдоого салууга түртөт. Бул ыкма заманбап илимде талаптуу болгон историзм, объективдүүлүк, интегративдүүлүк сыяктуу натыйжага жетишүүгө жол ачат.

**2.** Теократиянын эң маанилүү мүнөздөмөсү андагы динчил жана светтик бийликтин өз ара мамилелери болгондуктан, берилген түшүнүктү тактоодо жана теократиялык схемаларды типологиялоодо теократиянын структуралык компоненттери жана анын өзгөчөлүктөрү критерийлерине таянуу абзел. Мындай критерийлердин бир нечесин бөлүп чыгарууга болот, атап айтканда:

– диний жана светтик бийлик институттарынын түзүлүшү жана алардын иерархиялык байланыштары,

– теократиялык башкаруунун негизги фигураларынын жобосу,

– теократиялык бийликтин башчысынын диний-саясий статусу жана анын таза же дуалдык тиби,

– теократияны институтташтыруудагы колдонулуучу ыкмалар,

– теократиялык башкаруунун формаларынын маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрү,

– теократиянын негизинде жаткан идеологиялык принциптер.

**3.** Орто кылымдык Европадагы жана Русьтагы, ошондой эле Араб халифатындагы социалдык саясий жагдайларды карап чыгуу жолу менен борборлоштурулган мамлекеттин теократиянын түзүлүшүнө болгон таасиринин конкреттүү механизмин табуу болот. Мындай таасир көрсөтүлгөн заманда социалдык чөлкөмдө бийликтин табиятыны жөнүндө ыйык касиеттүү идеологиялык түшүнүктү актуалдаштыруу аркылуу ишке ашырылып келген. Дал ушул иллюзиялык чындыкта өткөн доордогу болуп өткөн саясий-тарыхый багыттамалардын ордуна жаңы социалдык максаттар коюлгандыгы мүмкүн. Так башкаруу ыкмаларынын түзүлүшүндө болгон өзгөрүүлөр акыры мамлекеттердин борборлошуусун шарттаган жана ал мамлекеттерде башкаруунун теократиялык ыкмасы калыптанып, аларга жаңы коомдук-тарыхый формаларга өтүүгө мүмкүнчүлүк берген.

**4.** Тиги же бул теократиялык башкаруу ыкмасынын коомдук болмушка болгон таасир этүү мүмкүнчүлүгү анын диний курамы канчалык деңгээлде коомдун социалдык мобилизациясына жана консолидациясына түрткү бере алгандыгы менен аныкталган. Орто кылым заманындагы теократиялык башкаруунун негизги типтеринин салыштырмалуу талдоо алардын жогоруда айтылып өткөн талаптарга жооп бере алган өзгөчөлүктөрүн табууга мүмкүнчүлүк берет. Аны менен бирге коомдун социалдык керектөөлөрүнө эң эле оптималдуу түрдө негиз катары католицизм, православие жана исламдын теократиялык концепциялары болгон жана аны менен теократиялык башкаруу формаларынын ийгилиги түшүндүрүлөт.

**5.** Теократиянын коомдук өнүгүүгө таасир этүү жөндөмү теократиянын социалдык-функционалдык жактан жогорку натыйжалуулук жана маанилүүлүккө ээ болгон коомдук болмуштун компоненттери менен өз ара аракеттешүүгө тартылуусу сыяктуу мүнөздөмө менен камсыздалган. Бир нече кылымдардын арасында теократиянын бул сыяктуу кабылдоочулугу аны орто кылымдык маданияттын эң маанилүү модели кылып, социалдык өнүгүүнүн ачык векторлорун так көрсөтүү менен бирге теократияны эң эле ооматтуу башкаруу формаларынын бирине айлантты.

**6.** Христианчылыктын жана исламдын диний-саясий системалары алар жанашып келген элдердин социалдык жашоосуна өтө чоң таасир көрсөтүп келген, жана азыркыга чейин көрсөтүп келүүдө. Католицизм, православие жана исламдын бирдиктүү жер ортолук деңиз аймагында жаралышы өткөн жолу гана эмес келечеги дагы бар башкаруу формаларынын жалпы тамыры бар экендиги тууралуу ой жүгүртүүгө түрткү берет. Теократиянын социалдык

түзүмдөгү ролун табуу үчүн жөн гана компаративдик эмес, компаративдик-ретороспективалык талдоо керектелет, анын максаты жана маселеси катары келечекти натыйжалуу прогноздоо эсептелет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**

Диссертацияда бийликти жана адам коомунун эң маанилүү компоненттерин борбордоштуруу ыкмалары катарында колдонулган теократиялык башкаруунун католицизм, православие жана ислам типтерин биринчи жолу компаративдик-ретроспективалык талдоо жүргүзүлдү. Иштин негизги илимий жоболору жана жыйынтыктары изденүүчүнүн теократияны изилдөө боюнча жеке иш алып баруусунун натыйжасы.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо**

Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары акыркы жалдары автор тарабынан ар түрдүү конгресстерде жана конференцияларда айтылган, алардын эң маанилүүлөрү төмөнкүлөр: «Грек цивилизациясынын дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүндөгү ролу: Греция, Византия, Русь» аттуу V-эл аралык конференция (Бишкек ш., 2011-ж. 28-октябры); «Маданияттын трансформациясы процессиндеги философия жана билим берүү» аттуу М.В. Ломоносов атындагы ММУнин философия факультетинин кайрадан түзүлүшүнүн 70-жылдыгына арналган юбилейлик конференция (Москва ш., 2011-ж. 14–15-декабры); «Философия жана заманбап илимдин парадигмалары» аттуу М.В. Ломоносов атындагы ММУнин философия факультетинин кайрадан түзүлүшүнүн 70-жылдыгына арналган юбилейлик конференция (Москва ш., 2011-ж. 15–16-декабры); «Заманбап дүйнөдөгү мамлекеттердин саясий модернизациясы: теория жана практика» темасындагы 10-Юбилейлик саясат таануу боюнча окуулар (Бишкек ш., 2012-ж. 30- апрели); «Заманбап дүйнөдөгү  философия: көз караштардын диалогу» темасындагы VI-Россиялык философиялык конгресс (Нижний Новгород ш., 2012-ж. 27–30-июну); «Дин жана заманбап эл аралык мамилелер» аттуу илимий-практикалык конференция (г. Бишкек, 2013-ж. 19-ноябры); «Борбор Азиядагы дин жана светтик» илимий-практикалык конференциясы (Бишкек ш., 2013-ж.); «Эл аралык интеграция процесстери жана Евразия биримдигинин контурларынын калыптанышы» темасында эл аралык ЖОЖдор арасындагы тегерек стол (Бишкек ш., 2014-ж. 10-январы); «Философия. Толеранттуулук. Глобалдашуу. Чыгыш жана Батыш – көз караштар диалогу» темасында VII-Россиялык философиялык конгресс (Уфа ш., 2015-ж. 6–10-октябры); «Борбор Азия өлкөлөрүнүн XXI-кылымдагы өнүгүү перспективалары» эл аралык конгресси (Бишкек ш., 2015-ж. 8–10-октябры); «ИГИЛ жана XXI-кылымда халифат куруу маселелери» аттуу илимий-практикалык конференция (Бишкек ш., 2015-ж.); «Диний экстремизмге каршы иш аракет көрүүнүн жаңы форматтары. Жаштардын инициативалары» (Бишкек ш., 2016-ж. 21-ноябры); «Эл аралык терроризм жана экстремизм менен глобалдык деңгээлде жана Борбор Азия аймагында

күрөшүү» (Бишкек ш., 2017-ж. 25-апрели); «Келечек үчүн диалог» (Москва ш., ТИМ, 2017-ж. 15–22-ноябры.).

Диссертациялык изилдөө процессинде иштелип чыккан ык-амалдар жана көндүмдөр автордун окутуу ишмердигинде кеңири колдонулган.

**Диссертациянын натыйжаларынын публикацияларда чагылдыруу толуктугу**

Жалпысынан диссертациялык изилдөөнүн темасы боюнча 13 иш чыгарылды, алардын ичинен бешөө «Кыргызстан-Россия Славян университетинин Вестнигинде»: «Дин таануучуларды даярдоонун структурасы жана андагы дин таануунун тарыхынын орду», «Университеттик билим берүүдөгү диний проблематиканы комапаративдик талдоо: орто кылымдан баштап азыркы заманга чейин», «Орто-Жер деңиз маданиятындагы теократиянын орду», «Папоцезаризм жана цезаропапизм христиандык теократиянын иштөө механизмдери катары», «Диний-саясий феномендердин компаративистикасы: салыштыруу критерийлери жана ретроспекция».

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү**

Иштин структурасы жана көлөмү анын изилдөө максаты жана баяндоо логикасы менен аныкталып, коюлган маселелерди чечүү иретин чагылдырат. Жалпы көлөмү 150 беттен турган иш киришүүдөн, 9 параграфты камтыган эки бөлүмдөн, жыйынтыктан жана 147 аталыштан турган колдонулган адабияттын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөө темасынын актуалдулугу, анын илимдин өнүгүшү жана теократияны феномен катары аныктоо практикасы үчүн маанилүүлүгү негизделди. Изилдөөнүн объекти жана предмети, максаты жана маселелери, алынган жыйынтыктардын теоретикалык жана практикалык маанилүүлүгү аныкталды, жактоого алып чыгуучу негизги жоболор баяндалды, изденүүчүнүн жеке салымы көрсөтүлдү, изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана натыйжаларды публикацияларда чагылдыруу толуктугу, ошондой эле диссертациянын структурасы жана көлөмү тууралуу баяндалды.

**«Теократия орто кылымдын социалдык-маданий феномени»** аттуу диссертациянын биринчи бөлүмү теократияны изилдөөдө социалдык-философиялык рамкаларды табууга, теократияны феномен жана түшүнүк катары дифференциациялоого, анын маданияттагы негизги формаларын жана ордун аныктоого арналган. «Теократия» түшүнүгүн талдоо берилген терминологиянын үстүнөн ой жүгүртүү менен бирге ага жеке-илимий эмес, даана философиялык маани берүү менен коштолот. Аны менен бирге философиялык ык-амал катары социалдык философиянын саясат жана укук философиясы, саясий философия, дин философиясы, маданият философиясы сыяктуу бөлүмдөрүнүн категорияларын колдонуу эсептелет. Берилген ык-амал изилдөөнүн негизги максатына жетүүнү – теократияны адамзат

коомунун объективдүү мыйзамдарынын негизинде өнүгүүчү татаал социалдык-саясий система катары кароону камсыздайт. Дал ошол ык-амал теократия феномениnин өзгөчө белгилерин жөн гана бөлүп чыгуу гана эмес, анын тарыхка болгон мындан аркы таасирин прогноздоого мүмкүндүк берет.

**«Теократиянын изилдөө дискурсундагы түшүнүгү, анын социалдык-философиялык талдоосу»** аттуу биринчи параграфта изилденүүчү проблема боюнча илимий ой-пикир боюнча тарыхый сереп жүргүзүлдү, диссертациянын темасынын изилденүү деңгээли аныкталды. Теократия феноменинин баарын камтуучу аныктамасын табуу үчүн гуманитардык билимдин ар түрдүү тармактары, сөздүктөрү жана энциклопедиялары изилденип чыкты. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө өзүнүн онтологиялык түшүнүүсүнө карай терең философиялуу «теократия» түшүнүгү, көбүнчө философиялык булактарда эч кандай түрдө чагылдырылган эмес. Бийликти уюштуруунун теократиялык модели мамлекеттик жана коомдук турмушту башкаруу боюнча бийликтин биринчи түрү болуп эсептелет. Теократия феномени байыркы дүйнө заманынан бери талдоо предмети болуп келген, аны эң эле көп орто кылымдардын ойчулдары изилдеп келишкен (бирок алардын эмгектеринде теократия термини дайыма эле колдонулчу эмес). Бирок аны түшүнүү аракеттери болгон, андыктан феномендин эң байыркы излдөөлөрүндө дин менен бийликтин өз ара аракеттешүүсүнүн маанилүүлүгүн баалабай коюу болбойт. Биринчи жолу «теократия» термини тарыхчы Иосиф Флавий тарабынан б.д. I-кылымында байыркы жөөт элинин социалдык уюмдашуусун жана мамлекеттик башкаруу формасын белгилөө үчүн колдонулган. Теократияны изилдөөнүн кеңири булагы катары төмөнкү орто кылымдык авторлордун иштери чыга келет: Юстиниандын Кодекси, А. Августиндин «Кудайдын шаары жөнүндө» иши, Ф. Аквинскийдин «Теология суммасы», игумен Филофейдин кайрылуусу, митрополит Илариондун «Мыйзам жана береке жөнүндө сөз» иши, Ибн-Хальдундун «Тарыхка киришүү» («Муккадима») иши, Абу аль-Хасан Мавардинин «Бийлик мыйзамдары жана диний башкаруу» иши, Абу Хамид Газалинин «Диний илимдеринин кайра жаралуусу» аттуу иши[1]. «Папанын жаңылбастыгы жөнүндө Догматы» жана 1870-ж. 18-июлунда Биринчи Ватикан соборунда кабыл алынып, эки парламенттик актыда чагылдырылган (1534 жана 1559-жж.) жана Реформация учурунда англикан чиркөөсү менен католик чиркөөсү ортосундагы ажырымды бекитип монархка англикан чиркөөсүндө жогорку ыйгарым укуктарды тапшырган «Суперматия жөнүндө Актысы» сыяктуу католик чиркөөсүнүн укук ченемдик актылары теократияны изилдөөдө ооматтуу таасир тийгизишти.

Ренессанс доору учурунда жеке илимдердин пайда болушу менен ар кайсы тармактардагы теоретиктер дин менен мамлекет ортосундагы бийлик

---

[1] Изилдөө темасы боюнча бул жерде жана мындан ары көрсөтүлгөн авторлордун иштеринин тизмеси диссертациянын колдонулган адабияттар тизмегинде келтирилген.

мамилелеринин үстүнөн иштешкен, аларды тактап атаганда: Т. Мор жана Т. Кампанелла, А. Сен-Симон, Ж.-Ж. Руссо жана башка көптөгөн ойчулдар. Кийинчерээк теократияны Ф. Ницще, Б. Спиноза, А. Камю, Р. Фон Моль, Ж.П. Сартр изилдеп, аны критикалашкан. Теократия диний идеал катары орус философтору С.Н. Булгаков, В.С. Соловьев, И.А. Ильин, Л.А. Тихомиров, Е.Н. Трубецкой, П.А. Флоренский, Н.А. Бердяев тарабынан изилденип чыккан. Теократиялык башкаруу формасф социалдык-психологиялык талдоо рамкасында М. Вебер жана П. Тиллих тарабынан изилденген. Феноменди философиялык жактан карап чыгууда Г.В.Ф. Гегель, О. Шпенглер, М. Элиаде, Т. Аннаньель, У. Эко, А.Н. Чанышев, И.Н. Яблоков, И.И. Иванова, Ю.А. Кимелев, Е.С. Элбакян сыяктуу философ жана дин таануучулар олуттуу салым кошушкан. Теократияны башкаруу формаларынын бири катары карап чыгуу боюнча методологиялык традиция төмөнкү авторлордун ишмердигинде орун алган: Ж.Т. Тощенко, Е.Н. Салыгин, А.А. Али-заде, А.А. Большаков ж.б. Мындан тышкары, теократияны изилдөөдө О.Г. Большакованын, Ж. Дюбинин, В.И. Герьенин, Э.Х. Канторовичтин, А.Г. Кузьминдин, А.Ю. Митрофанованын жана башка ушул сыяктуу методологиялык позицияда турган авторлордун динди социалдык-тарыхый изилдөө тажрыйбасы колдонулду.

Теократия феноменин терең изилдөөдө «теократия» феноменин заманбап учурдун изилдөө дискурсунда жана аны изилдөөнүн ык-амалдарын классификациялоо муктаждыгы жаралат. Классификациялоо биринчи кезекте мындай ык-амалдарды светтик (чындыгында илимий) жана сакралдашкан (эрежеге ылайык – улама-теологиялык) ык-амалдарга бөлүүнү камтыйт. Теократия маселесине болгон светтик ык-амал гуманитардык илимдерден алынган аныктамалар жыйыны болуп саналат жана башкысынан алдыда аларды философиялык талдоодон өткөрүү турат. Аларга тарыхый, саясат таануу, укук таануу, жеке-социологиялык, маданият таануу, дин таануу жана жадагалса лингвистикалык аныктамалар кирет. Сакралдашкан ык-амал диний көз караштагы ойчулдардын ой-пикирлерин – алардын конфессиялык таандыгына карата – караштырат жана өз учурунда ал уламалык жана диний-философиялык түрлөргө бөлүнөт. Аны менен бирге теократиянын уламалык ык-амалда иудаисттик, католиктиктик, протестанттык, православ жана ислам трактовкаларын белгилөөгө болот. Теократияга болгон светтик ык-амалды алсак, анда гуманитардык билимде берилген түшүнүктүн бирдиктүү аныктамасы жок экенин айтып кетсек болот. Анын ортосунда, теократия көп пландуу кубулуш катары бүтүндөй гуманитардык билимдин ар бир тармагынын изилдөө предмети болгон спецификалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар бир гуманитардык илим тарабынан өз алдынча аныкталат. Диссертациялык изилдөөнүн багытталышында когнитивдик сфералардын чөйрөсүн аргасыз ичкерткендигинен улам аларды конкреттештирүү керектелет. Коюлган маселелерге ылайык алдыдагы талдоону төмөнкү илимий тармактар чөйрөсү менен чектөө максатка ылайыктуу болот: тарых,

укук таануу, саясат таануу, социология, маданият таануу, дин таануу, философия. Теократия маселелерине философия азырынча жетишсиз көңүл бурууда, анын ортосунда феноменди толук түрдө ачууда аны социалдык-философиялык методдор менен изилдөө жеке илимдердин жардамы менен изилдөөгө караганда артыгыраак көрүнөт. Ошол эле учурда теократизация тенденциялары күч алып бара жаткандыгына байланыштуу заманбап дүйнөдө теократияны изилдөө мындан ары да актуалдуу жана кажеттүү болуп келе жатканын белгилей кетүү абзел. Теократизация менен байланыштуу дүйнөлүк ирет жана социалдык мыйзам ченемдүүлүк идеялары дал философиялык ой жүгүртүүгө муктаж. Бул диссертациялык иште комплекстүү социалдык-философиялык талдоо аракети дээрлик биринчи жолу ишке ашырылат.

**«Диний-саясий феномендерин компаративистикасы: салыштыруу критерийлери жана ретроспекция»** аталышындагы экинчи параграф теократиянын негизни белгилерин бөлүп чыгууга жана анын ар бир түрүнүн натыйжалуулугун талдоого эң ылайыктуу ыкма катары салыштыруу методун негиздөөгө арналган.

Бул параграфта максималдуу натыйжалуулукка жетүүнү эске алуу менен компаративисттик методологиянын проблемалары жана колдонуу ыкмалары жазылган. Социалдык-саясий компаративистика методологиясы изилдөө темасынын предметин толугу менен ачууга колдонулат. Компаративисттик метод феномендерди жана системаларды салыштыруу үчүн гана колдонууну камтыбастан, проблеманы концептуалдуу карап чыгууну камтыйт. Феномендерди, системаларды жана концепцияларды салыштырууда биринчиден алар түрткү алган жана алардын жашоосун шарттаган жалпы белгилерди бөлүп чыгуу керектелет. Ошондой эле заманбап компаративистиканын проблемаларын айта кетүү кажет. Бул салыштыруу учурунда анын кээ бир өзгөчөлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берет. Биринчиден, теократия феноменине карата бардык тил өзгөчөлүктөрү биринчи кезекте эске алынышы керек. Кайсы бир маданияттын же тил чөлкөмүнүн рамкасында калыптанган ар бир сүйлөм, термин же түшүнүк өзү менен функционалдык жүктөмдү жана маани белгисин алып жүргөндүктөн, ал маданиятка тиешеси болбогон жана ал маданияттын тилин билбеген изилдөөчү тарабынан дайыма эле туура эмес чечмелениши мүмкүн. Бирок, эгерде изилдөө процессинде лингвистикалык жана маданий өзгөчөлүктөрдү эске алсак, балким илимий ачылышка келишибиз мүмкүн. «Ар бир билдирүү өзүнө артылган маселелерди натыйжалуу аткарышы үчүн жөнөтүүчү тарабынан белгиленген тартипте структуралаштырылган, ал структуралардын жардамы менен – сүйлөм мүчөлөрүнүн жайгашуусу менен, сөздөрдүн тандоосу менен – философ өзүнүн системасын жаратып жатып колдонуучу баамдалбаган (анын ичинде берилген маданияттын рамкасында баамдоого, рефлексияга такыр жарабаган, бирок «капталынан караганда» жакшы көрүнгөн) белгилерди аныктоого мүмкүн (С.Л. Бурмистров). Кайрадан

теократия темасына кайтып келсек, теократиялык көз караштарды алып жүргөн ар ким эле өзүн андай деп эсептебегенин белгилей кетүү керек. Диссертациялык изилдөөнүн башында «теократия» термининде бардык конфессиялар кеңири мааниде алынганы жана ал үчүн тиешелүү негиздер бар экени айтылган.

Экинчиден, компаративистиканын дагы бир проблемасы анын индекстөө татаалчылыктары болууда. Индекстөө проблемасы индекстин маанисинин субъективдүү түшүнүүсүндө камтылган. Индекстерди ар бири өзүнүн жеке маанисин кошуучу эксперттер түзөт. Теократия сыяктуу татаал-структуралаштырылган феноменди талдоодо компаративистиканын анын кандай түрү болбосун (социалдык-философиялык же саясий) өзүнүн проблемалары таасир этиши мүмкүн. Анын ортосунда, компаративистикадан баналдык футурологияны тарыхый кубулуштун чыныгы илимий изилдөөсүнө айланта турган функционалдык прогноздуулук күтүлөт. Мындай татаал структуралаштырылган теократия феноменин компаративистикасынын өзгөчөлүктөрү тууралу айтсак, ал бир катар аспекттердин эске алынуусуна муктаж. Анда компаративистиканы көптөгөн жалпы ык-амалдары чагылдырылып, анын арасында изилдөөнүн методологиясы катары тарыхый ык-амал жана ретроспективалык талдоо таанылган. Ошол эле учурда философиялык жана саясий компаративистиканы колдонуу ар бир тарыхый көрүнүштү илимий изилдөөнүн натыйжасында күтүлгөн талдоонун функционалдуу түрдө прогноздуулугу жогору болушун камсыздайт. Социалдык философияда прогноздук функция өзгөчө негиздөөнү талап кылып, өз алдынча анык боло албагандыгын айта кетүү керек. Аңгыча, прогноздоонун проблемасын В.С. Степин карап чыгып, прогнозду философиялык билимдин атрибуту катары тааныган. Анын оюнча, жалпы илим объекттердин тиешелүү типтерин өздөштүрө электе эле философия илимий изилдөө үчүн керектелүүчү категориялуу матрицаларды түзө алат. Социалдык-саясий талдоонун максаты прогноздоо, ал эми философиянын прогноздоо функциясы методологиялык негиздерди жана категорияларды түзүүдө турат. Ошентип, мурда философиялык каражаттар менен тиешелүү деңгээлде изилденбеген, бирок өзүнө изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруучу ретроспекция категориясы теократияны изилдөөдө керектүү методологиялык категория болуп бере алат.

Системаларды жана көрүнүштөрдү изилдөөнүн компаративдик методу түп тамыры менен байыркы заманга барып такалат. Биринчи жолу Аристотель б.д.ч. IV-к. Элладанын шаар-мамлекеттеринин саясий түзүмүн мүнөздөө аракетин көрүп, көп убакка чейин классикалык деп эсептелген башкаруу формаларын бөлүп чыккан. Азыркы учурда компаративистика өткөн чак менен учур чакты салыштырууга жана алынган маалыматты башка изилдөөчүлөрдүн тажрыйбасы менен салыштырууга мүмкүндүк берип, илимпоздорго илимдин прогноздук функциясын аткарууга жол ачкан заманбап методология. Теократияны феномен катары изилдөө түздөн-түз

бийлик түшүнүгү менен байланыштуу жана өзүнүн актуалдуулугуна байланыштуу социалдык-компаративисттик талдоого муктаж. Саясий компаративистика теократиянын маңызын ачууга жөндөмдүү, бирок «...саясат таануучулар башкысынан өлчөөнү эмес, баалоону колдонушат. Заманбап саясат таануу концепцияларынын көпчүлүгү идеалдуу (эталондуу) деп табылган кайсы бир объекттер менен салыштыруу ыкмасына таянат» (О.В. Попова). Мындай жол менен алынган жыйынтыктар теократиянын келечеги боюнча прогноз жүргүзүүгө жол бербейт, андыктан бул жакта феноменге карат болгон ретроспективалык көз караштын мүмкүнчүлүктөрүн ача турган философиялык компаративистиканын методдорун колдонуу керек.

Христианчылык жана исламдын диний системалары алар мурда жанаша катнашта болгон элдердин социалдык жашоосуна өтө чоң таасирин тийгизген. Бирдиктүү жер ортолук деңиз аймагында жаралган, айырмасына караганда окшош жактары көп католицизм, православие жана исламдын башкаруу формаларынын жалпы тамыры бар экендиги тууралуу ой жүгүртүүгө түрткү берет. Теократиянын келечектеги маанилүүлүгүн табуу үчүн саясат таануу жана философия каражаттары менен ишке ашырылуучу салыштырмалуу талдоо керектелет. Мурда теократияны изилдөө жалаң анын тар маанисинде жүргүзүлүп келгендиктен, берилген феноменди кошумча методологиянын жардамы аркылуу изилөө керектелет. Компаративистика талдоонун заманбап методологияларынын бири катары өтө актуалдуу теократия социалдык-саясий феноменин изилдөө үчүн эң эле натыйжалуу аналитикалык ык-амал болуп саналат.

**«Теократиялык башкаруунун формалары: типологизациялоо критерийлери»** аттуу үчүнчү параграфта теократиялык башкаруунун формалары аларды классификациялоо критерийлерин бөлүп чыгуу менен талданган, мааниси боюнча көп тараптуу «форма» термини негизги орунду ээлейт. Ушул себептен улам «форма» сөзүн аныктоо өзүнчө философиялык талдоонун рамкасында жүргүзүлүшү керек. Гуманитардык билимдин өзүнчө тармактарынын өкүлдөрү тарабынан ишке ашырылган теократияны классификациялоо аракеттери феноменди аныктоодо өзүнчө бир изин калтырып, кызыктыруучу аспектти бөлүп чыгарган. Теократия «мамлекеттин формасы», «башкаруу формасы», «саясий түзүлүш», «саясий режим», «мамлекеттик түзүм» катары каралып келгендигин баса белгилеп кетүү керек. Жогоруда көрсөтүлгөн трактовкалардын ар бири теократия феноменине болгон спецификалык мамилени тариздеп, аны айырмалаган белгисин бөлүп чыгат.

Диссертациялык иштин бул параграфынын максаты теократиялык башкаруунун формасын форманы философиялык жактан түшүнүү аспектинде талдоо, демек, теократиянын мурда бөлүнгөн белгилери алардын аныктамаларында «форма» сөзү такыр учурабаса дагы форманын философиялык түшүнүгү жагынан каралышы мүмкүн жана каралышы керек. Аңгыча, форма түшүнүгү философиянын өзүндө омонимдүү жана көп

маанилүү. Форманы курамдын тышкы чагылышы деп, кээде курамдын элементтеринин байланышындагы туруктуу белгилүүлүк, курамдын тиби жана структурасы катары түшүнсө болот. Форма предметтин тышкы конфигурациясы, анын тышкы мейкиндик жана убактык ченемдери катары дагы боло алат. Материянын жашоо ыкмасы катары форма анын мейкиндик жана убактык атрибуту катары эсептелет. Форма түшүнүгү бирдиктүүлүктү билдирет, мисалы, «материянын кыймылдоо формалары», «коомдук аң-сезимдин формалары». Форма катары ички түзүлүштү, системанын ичиндеги элементтердин ортосундагы байланышты, ошондой эле системанын ички жана тышкы уюшмасын түшүнүүгө болот. Ошентип, теократиянын формасы форманын жогоруда көрсөтүлгөн трактовкаларына ылайык каралышы абзел. Экинчи параграфтын жыйынтыгында бүгүнкү күндө теократияны эң кеңири тараган папоцезаризм жана цезаропапизмге бөлүү түрүндө сунушталган бир жагынан жөнөкөйлөштүрүлгөн, бирок ошол эле учурда натыйжалуу классификация экенин эсептөөгө туура келет. Анын негизинде жаткан бийлик субъектисинин кыймыл-аракеттеринин вектордук багытталышы белгиси теократия феноменине таандык бийликтин эки түрүнүн өз ара аракеттешүүнүн негизги факторун жалпысынан толук чагылдырат. Эгерде бөлүштүрүү негизи катары саясий бийликти сакралдаштыруу мүнөзү жана деңгээли сыяктуу белгини кошуп койсо, көрсөтүлгөн классификацияны бир аз татаалдаштырып, теократияны төмөнкү бөлүктөр менен көрсөтсө болот: (1) папоцезаризм; (2) византизм (светтик жана сакралдык бийликтин симфониясы): «Византизм – Чиркөө менен мамлекет бири-бирине карама каршы келбестен, тескерисинче, бири-бирин толуктап, макулдашууга (гармонияга) жана кызматташууга жетишүүдө бири-бирине көмөк көрсөтө турган Чиркөө менен мамлекеттин ортосундагы өзгөчө мамилени белгилеген концепция. Бул учурда ар биринин өз чөйрөсүндөгү эркиндиги жана өзүмчүлдүгү жокко чыгарылбайт»; (3) цезаропапизм; (4) идеократия (мамлекеттик бийликтин күчү көп эмес ыйык идеяларга таянуу жолу менен аныкталган коомдук түзүм).

**«Орто-Жер деңиздик маданиятындагы теократиянын орду»** аттуу төртүнчү параграфта аймактын борбордошуусуна өбөлгө болгон христианчылыктын жападан жалгыз тарыхый жактан шартталган диний комплекс катары пайда болушунун себептери көрсөтүлгөн. «Христианчылык – адамдын тагдыры бардык жаратылыштын символу жана топтолгон жери болгон дүйнөлүк тарыхта жалгыз дин» (О. Шпенглер). Орто-Жер деңиз региону – өзүнүн аймагында географиялык жактан дүйнөнүн үч тарабынын – Европанын, Азиянын жана Африканын – кошулушунда турган көптөгөн цивилизацияларды, диндерди, маданияттарды бириктирген регион. Бул уникалдуу жана буга чейин болуп көрбөгөн маданий-тарыхый кырдаалдын жаралышын шарттайт. Тарыхый булактар Жер-Орто деңиз өрөөнүнүн этникалык курамынын ар түрлүүлүгүн, анын диний-саясий жол улоочулугун жана Жер-Орто деңиз маданиятын европа цивилизациясынын булагы катары

аныкталышын ырастайт. Бул региондогу цивилизациялык жана саясий процесстер жана маданий өнүгүүсү көптөгөн этностордун бири-бири менен тыгыз жашоого мүмкүнчүлүгү жана экономикалык муктаждыгынан улам, улуттар аралык баарлашуу жана бара-бара тил тосмолорунун жоюлушуна байланыштуу, концентрациялангандыгы жана интенсивдүүлүгү менен айырмаланып келген. Маданияттар арасындагы диалог бүткүл региондо болгон прогрессивдүү тенденцияларга, такай болуп турган саясий конфликттер жана кандуу согуштарга карабастан маданияттардын жана тилдердин бири-бири менен аралашуусуна жол ачкан. Орто-Жер деңиз регионунда маданияттар аралык, бирок дайыма эле тынч эмес диалогдун процессинде саясий жана рухтук басымдуулук кылуу тарыхта Афинадан Александрияга, Римдер Константинопольго, Дамасктан Кордовага, Палермодон Иерусалимге жана Каирден Венецияга өтүп келген.

Мурда баардык маданияттарды таралган теократиялык идея христианчылыктан универсализм сапатына ээ болуп, кийинчерээк ал «Кудайдын Падышалыгын» бүткүл дүйнөгө тоталдуу түрдө таратуу тенденциясына ээ болгон. Орто-Жер деңиз регионунун саясий моделинде чагылдырылган Рим укугу жана куткаруучу идеясы коомду бир нече миң жылдыкка өзүнүн күнөөлүүлүгүн, өлүмдүүлүгүн жана куткарылууга болгон каалоосун билүүсүнө чөмүлттү. Инсандын өздүк сапаттарынан арылтуу, адилеттүүлүктү универсализациялоо, күнөөдөн арылуу каалоосу менен болгон жалпы айыптуулук жана башка мифологемалар дүйнөлүк маданиятта кеңири тараган. Жайылуу аркылуу жашоо – тарыхый жактан дээрлик баардык мамлекеттерде таркоого мүмкүндү берген христианчылыктын миссионердик принциби. Христиан динине баарлашуунун жеңилдиги анын бардык принциптерин дагы кабыл алууну шарттап койду. Теократиялык башкаруу моделине токтолсок, ал тарыхый жолунда христианчылыктын негизинде өнүгүп жаткан эң көп тараган диний агымдардын арасында ишке ашырылган. Эгерде христианчылык – өзүнүн бардык көрүнүштөрүндө – саясатташтыралган болсо, ислам өзүнүн маңызында саясатташкан. Теократия формасында бириктирилген бийлик жана укук дүйнө тарыхынын жүрүшүнө жана бүткүл адамзат цивилизациясына толук таасирин тийгизди.

**«Орто кылымдагы негизги чиркөөлүк-мамлекеттик башкаруу формаларын салыштырмалуу талдоо»** аттуу экинчи бөлүмдө орто кылым заманында негизги башкаруу формалардын бири катары болуп келген чиркөөлүк-мамлекеттик башкаруунун формаларынын спецификасын талдоо жүргүзүлдү. Мындай талдоо каралып жаткан доордогу мамлекеттик түзүмдүн бир гана диний эмес, маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ишке ашырылды. Аны менен бирге теократия «Жерде Кудайдын падышачылыгын» куруу иедалдары менен бир убакта бир нече теократиялык схемларда, тактап айтканда, папоцентризмде, цезаропапизмде жана өзгөчө исламдык башкаруу формасында жүзөгө ашырылгандыгы эске алынды. Жогоруда көрсөтүлгөн теократиянын формаларын диний-саясий түзүмдүн схемалары катары карап

чыгуу тиги же бул теократиялык системанын структурасы жөнүндө так жана анык түшүнүк алууга мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, экинчи бөлүмдө диссертациялык изилдөөнүн маселелери катары христиандык теократиянын иштөө механизмдерин жалпысынан аныктоо, теократиянын ислам үчүн маанисинин мүнөздөмөсү, Русьтун христиандыкты кабыл алышынын социалдык-саясий өбөлгөсү каралган. Коюлган маселелерди чечүү теократияны маданий-тарыхый, саясий, идеологиялык жана башка аспекттерин эске алуу менен баалоого мүмкүндүк берет.

**«Папоцезаризм жана цезаропапизм христиан теократиясынын иштөө механизмдери катары»** деп аталган биринчи параграф теократия механизмдерининин иштөө проблемасына арналып, бул маселе ар бир башкаруу формасынын ичинде өз ара аракеттешүү схемаларын түзүү менен чечилет. Диссертациялык иште белгилүү тарыхый рамкалар берилгендиктен, изилдөөнүн ченемдик-укуктук базасын императорлордун мыйзам актылары, соборлордун чечимдери жана изилдөөчү-медиевисттердин иштери түзөт. Рим императордук идеясынан византиялык мамлекеттүүлүгүнө тарыхый өтүүсү өзүнүн маңызы боюнча мамлекеттик түзүлүштүн принциби болуп, башка эч кандай функция аткарбаган идеократиялык элементтин жогорку бийлик концепциясына киргизүү менен коштолгон. Өзүнүн социалдык-саясий функциясын аткарып бүткөн эки ажырагыс бийлик жөнүндө визанитиялык идея эки концепциянын белгилерине ээ болду. Биринчиси «чиркөө деп аталууга укугу бар папа» деген схоластикалык максимада камтылса, экинчиси – Людовик XIV «Мамлекет – бул мен» деген белгилүү апокрифтик айтылышта камтылган (Э. Канторович).

Биринчи концепция Рим католиктик чиркөөсү тарабынан энчиленсе, экинчиси абсолютизмдин европалык моделинде жана россиялык бийлик концепциясында көрсөтүлгөн. Монографиялык жана маалымдама-энциклопедиялык булактарда христиан теократиясынын иштөө механизмдери эки формулировкада келтирилген: «папоцентризм (папацезаризм)» жана «цезаропапизм (цезарепапизм)» (Жогоруда айтылган терминдердин эки түрдө жазылышы дээрлик бирдей кездешет). Мындан тышкары, папоцезаризмдин синоними катарында келтирилген «иерократия» термини жана папага аша чаап кеткен баш ийүүнү билдирген «паполатрия» термини кездешет. Бул диссертациялык изилдөө башкаруу формаларын социалдык-философиялык талдоого арналгандыктан, ичинде бийликти аткаруунун формасына болгон түшүнүк камтылган «папоцезаризм» жана «цезаропапизм» терминдери так философиялык көз караштан каралат.

Калыптанып келе жаткан бийлик концепцияларынын негизинде христологиялык талкуулар жатат. Христитианчылыктын пайда болуусунда эле башталган жана чиркөөлөрдүн ажыроосуна өбөлгө болгон Христостун өздүгү тууралуу талкуулар рим папасынын фигурасына жана королдордун абалына таасирин тийгизген. Христостун табияттарынын саны, анын бирдиктүү эркке ээ болушу, анын адам жана Кудай затына тийиштик

аспектилери королдун жана папанын фигурасына таандык. V-к. «эки кылыч» тууралуу окуу жаралат, ага ылайык Христос рухий жана светтик кылычтардын ээси болуп, алардын бирин ал чиркөөгө, экинчисин – падышага тапшырган. Императорлор жана королдор бир гана светтик кылыч менен чектелбестен, рухий кылычка дагы ээ болууга аракеттенген, ошондой эле чиркөө башчылары дагы светтик кылычты алууга дооматын жашырышкан эмес. «Кылычтардын» бул сыяктуу бөлүнбөгөнү светтик жана рухий бийлик ортосунда конфликттерге алып келген, анын жүрүшүндө «кылычтардын» кимге тиешелүү экендиги жөнүндө окууну өз пайдасына жыгуу жолу менен алмак-салмак утуп келишкен.

Жалпы христиандык уламачылыктын мурасы катары, башчынын фигурасынын эки беттүүлүк концепциясы христианчылыктын саясий ой-пикиринин өнүгүшүндөгү эң маанилүү идея болуп эсептелет. Жыйынтыгында башчыны деификациялоо боюнча, анда борбордук орунду Христос ээлеген орто кылымдык дүйнөнүн христиандык көз карашы менен байытылган байыркы идея анын эки – цезаропапизм жана папоцентризм – түрүндө билинип, теократиялык башкаруунун формаларынын негизинде турат. Бул идеократиялык концепциялардын мындан аркы өнүгүшү христиан дүйнөсү менен байланышкан региондордун тарыхынын, саясатынын, маданиятынын жүрүшүнө өтө чоң таасирин тийгизет.

**«Исламдагы теократия: мурунку диний маданияттардан көз карандылык»,** деп аталган экинчи параграфта диссертант тарабынан жүргүзүлгөн исламдын теократиялык схемасын талдоо Аравия аймагында жаралган мусулмандар мамлекети түптөлүү баскычтарын жаңы социалдык жана саясий институттарды түзүү жолу менен өтөгөндүгүн көрсөттү: «Мединада Мухаммед, умманын башчысы, биринчи жолу динсиздердин ортосундагы талаш-тартыштарды кароо укугун алган. Ал наамдар тууралу айтпаганы менен өзүнүн жаңы шаарында пайгамбар жана падыша катары иш алып барган. Арадан көп убакыт өтпөй анын идеалдык коомуна текеберлик көрсөткөн көптөгөн иш жүзүндөгү кыйынчылыктар менен салгылашууга туура келген» (С.У. Бауэр). Жаңы тарыхый доордун Аравия үчүн эң маанилүү процесси болуп коомду социалдык-саясий башкаруунун жаңы механизминин калыптанышы эсептелет. Бул процессте борбордук орун жекелик жогорку бийлик институтунун жаралышына жана жогорку суверенитетти алууда укуктун өзгөчө булагы жөнүндө көз караштардын калыптануусуна берилген.

Рухий жана светтик жактардын карым катнашынын өзгөчөлүгү бир гана диний эмес, укуктун жарандык, административдик, каржы, кылмыш жана башка түрлөрүн камтыган исламдын салттуу диний-укуктук системасы болгон «фикх» түшүнүгүндө чагылдырылган. Бул менен ал бирге рухий менен светтик жактардын толук ширелүүсүн билдирген. Коомдук башкаруу механизмин түзүү жана укуктун тиешелүү нормаларын калыптоо сыяктуу процесстер исламдын мамлекеттик идеологиясынын жана саясий ой-пикиринин түптөлүшүндө борбордук орунду ээлеген, бирок өз дооруна

шайкеш келген халифтин фигурасында өзүнүн ишке ашуусун орундата алган. Ислам мамлекетинин формасын кеңири изилдөө анын системасындагы жетишээрлик кыйынчылыктар тууралуу айтууга мүмкүндүк берет. Ислам доктринасында бардык мусулмандар бирдиктүү умманы түзгөндүктөн, исламдын жактоочуларын мамлекеттүүлүктүн рамкасына киргизүүгө болбойт, деп айтылган. Аңгыча ислам теократиясы түшүнүгү исламдын саясий формасын гана эмес, анын негизинде түзүлгөн мамлекеттик түзүмдүн түрүн дагы камтыйт. Мамлекеттүүлүктүн толук формасы бийликтин кайсыл мыйзамдарына жана концепцияларын таянарын көрсөтөт. Аны менен ислам мамлекети түшүнүгүн анын маанисине карай саясий режим түшүнүгүнө окшоштуруу мүмкүн.

Ошентип, ислам мамлекетинин бир нече түрүн (формасын) бөлүүгө болот: султанат, эмират, имамат жана халифат. Султанат – монархиялык башкаруу принцибине ээ болгон султандын мураскерлик бийлиги. Эмират деп эмирдин династиясынын мураскерлик бийлиги жана тандалган эмирдин диний башчылыгы менен мүнөздөлгөн ислам мамлекети (эмират халифаттын жаралуусундагы баскыч болгон). Шексиз абрoю бар рухий башчы тарабынан башкарылган ислам мамлекети имамат деп аталат. Жогоруда айтылгандай, имамат көбүнесе мамлекеттик бийликтин суннизмге караганда шииттик доктринасына таандык, аны менен бирге анын халифат сыяктуу глобалдык мүнөзү болушу ыктымал. Өз учурунда халифат бирдиктүү, бүткүл дүйнөлүк ислам мамлекети катары каралат. Мындай ык-амал негизинен кеңири маанидеги трактовка болуп келген заманбап көз карашка таандык. Тар маанисинде «халифат» термини мурдагыдай эле качандыр бир убакта халифтер баш болгон бардык араб-мусулман мамлекеттерин билдирет.

**«Русьтагы христианчылыктын кабыл алуусу социалдык-саясий тандоонун натыйжасы»** аттуу үчүнчү параграфта ар түрдүү географиялык аймактарда жайгашып, бара-бара жүрүп отурган Русьтун христиандашуу процесси талданган. Христианчылык Русьта расмий кабыл алынышына чейин эле таралган, тарыхта Русьтун православдык болушуна чейин эле орун алып келген чокундуруу акттары, христиандык көмүү жөнүндө фактылар тарыхта сакталган. Христианчылык байыркы Русь коомунун жашоосуна өзүнүн ар башка жактан чыгуусунан улам дайыма эле бирдей формаларда кире берген эмес. Бир гана Новогороддук (жана Киевдик) князь Владимирдин алдында 988-ж. христиандык мамлекеттик дин катары кабыл алынган. Христианчылыктын мамлекеттик дин катары кабыл алынышынын себептери мамлекетте орун алып келген социалдык-саясий процесстер менен байланыштуу болгон. Коомдун рухий талаптарын толук канааттандырганы менен бутпарастык мамлекеттин саясий талаптарга шайкеш келген эмес.

Албетте, православиени мамлекеттик дин катары кабыл алуунун чечүүчү фактору катары Русьтун Византия менен болгон саясий, экономикалык жана маданий байланыштары болгон. «Азыркы учурда орус маданияты чиркөөнүн падышанын бийлигине карата баш ийүү византиялык

салтын мураска алган деген пикир кеңири тараган. Чындыгында, Византияда императорду сакраменталдуу жана доктриналуу принциптерди иштеп чыгуусу жөнүндө бир дагы текст болгон эмес. Мындай текст биздин дагы өлкөдө болгон эмес, византиялык мурасты кабыл алуу олуттуу жергиликтүү вариациялардын таасиринде кабыл алынган, бирок светтик бийликтин чиркөө бийлигине карата үстөмдүгү Русьтун христианчылыкты кабыл алгандан кийинки биринчи кылымдарда эле белгилене баштаган» (Н.С. Поляков). Русьтун православиени кабыл алуусунун идеологиялык негиздемеси кийинчерээк, XVI-к. иштелип чыгып, азыркыга чейин актуалдуулугун жоготпой келүүдө.

Мамлекеттик борбордошуунун баш калаасы болуп эки кылымдык салгылашуудан улам Москва аталды. XV-к. орус улама ой-пикиринин өнүгүшүнө таасир эткен эки маанилүү саясий окуя болду: 1453-ж. түрктөр басып алган Византия империясы жок болду, ал эми 1480-ж. Русьта татар үстөмдүгүнөн бошонуу орун алды. «Мезгили менен дээрлик шайкеш келген бул эки окуя бири-бири менен байланыштуу: Византияда православиенин ордуна мусулманчылык орун алса, Русьта, тескерисинче, православие мусулманчылыктын үстүнөн жеңишти алат. Өзгөчө маани менен Русьта бул эки окуянын биринчиси кабыл алынды: ал улуу княздын константинополь патриархынан көз карансыздыгын негиздеп, чиркөөнү өзүнүн бийлигине каратууга жол ачты. Ошону менен Русь өз моюнуна православ дининин тазалыгын сактоочу милдеттерин алуусу ата-мекендик саясий жана рухий жашоонун андан аркы боло турган өзгөчөлүктөрүн шарттады» (Н.С. Поляков).

XV-к. Русьтун жаңы дүйнөлүк тарыхый маанилүүлүк концепциясы диний-саясий, жана кээ бир жактан философиялык интерпретациясында өзүнүн өнүгүүсүн улантты. «Ата-мекендик диний-философиялык ой-пикир орус тарыхынын дүйнөлүк тарых менен кошулуусунун үч түрүн иштеп чыкты – хронографиялык («Орус хронографы» 1512-ж., Салабаттуу китеп), генеалогиялык («Владимир княздары жөнүндө баян») жана алдын ала айтуу, эсхатологиялык («Үчүнчү Рим» жөнүндө баяндамалар цикли). Диний-мистикалык мүнөздөгү баяндарда XVI жүз жылдыктын китептеринде Москва мамлекеттүүлүгү бүткүл дүйнө жүзү боюнча оң (православ) дин ишениминин борбору, топтолгон жери катары кабыл алына баштаган бир катар теориялар чыккан. Москванын кудуретинин өсүшү албетте бара-бара улуу княздык, андан соң падышалык (цардык) бийликтин позицияларын күчөшүнө алып келди. Убагы менен уламачыл ой жүгүртүүлөрдө жана коомдук-саясий пикирлерде цардык бийликтин чиркөөдөн өйдө тургандыгы жөнүндө ишеним пайда болду» (Н.С. Поляков). Светтик жана рухий бийликтин өз ара катнашуу проблемасы орус традициясында князь Владимирдин христианчылыкты кабыл алуу фактысынан тарта башталган.

**«Католицизмдин теократиялык схемалары: жалпы жана өзгөчө жактары»** аталган төртүнчү параграфта цезаропапизм жана папоцентризм

тарыхый калыптанган, бирок ошол эле учурда эң белгилүү теократиялык башкаруу формалары катары талданды. Теократиялык идеянын тарыхтын ар кайсы баскычтарында маанилүүлүгү Чыгыш менен Батыш ортосундагы диалогдун жогорку саясий деңгээлде болушун камсыздаган. Бул теократиялык схемалар бүткүл тарыхый жолунун жүрүшүндө дайыма эле азыркыдай формада кала берген эмес. Папоцезаризм жана цезаропапизм форма жана курам жагынан эң маанилүү болгон теократиянын азыркы классификацияларына таянсак теократияны типологизациялоодо анын эң маанилүү белгиси катары светтик бийликтин сакралдык бийлик менен болгон байланыш ыкмасы чыга келет деп эсептөө керек. Светтик же/жана рухий бийликтин юридикалык статусу бекитилгени же бекитилбегени жана бийлик ыйгарым укуктары кимге таандык экени дагы олуттуу мааниге ээ.

Бул учурда жогоруда келтирилген классификацияны деталдаштыра кетсек, теократия адатта төмөнкү түрлөрдө чыга келерине көңүл буруу керек: формалдуу (англиганство шартындагы королдун бийлиги) жана формалдуу эмес цезаропапизм (Москва Русунун бийлик мамилелери), формалдуу (Ватикандагы папанын бийлиги) жана формалдуу эмес папацентризм (Швейцариядага кальвинизм). Бул католицизмдин жана православиенин теоретикалых схемаларды мындан да натыйжалуу компаративдик талдоо үчүн аларды өз алдынча эмес, кыйыр ыкма аркылуу – башка, толук ортодоксалдуу эмес же кыйыр ортодоксалдуу эмес христиан конфессиялары, тактап айтканда англиканство (англиканствонун протестантизмге тийиштиги жөнүндө суроо бир өңчөй эмес) жана кальвинизм аркылуу карап чыгуу масатка ылайыктуу.

Тарыхый жактан калыптанган теократиялык схемаларды бири-бири менен салыштыруу азыркы учурдагы диний-саясий кырдаалды талдоого мүмкүнчүлүк берип, келечекти прогноздуу түрдө көрүүгө өбөлгө түзөт. Чиркөө менен мамлекеттин бийлик мамилелеринин проблемасы социалдык-философиялык талдоо үчүн эң эле өзүнө тартуучу проблемалардын бири. Европа жана Россия христиан цивилизациясынын алып жүрүүчүлөрү катары евангелия баалулуктарынын диапазонунда өнүгүп келгенине карабастан ар түрдүү теократиялык түскө ээ болушканын белгилебей кетүү болбойт. Христиан цивилизациясынын этникалык жана маданий өзгөчөлүктөрү бир өңчөй болууга мүмкүндүк берген жок, демек, теократиялык концепциялар анын ар бир маданиятынын рамкасында спецификалык философиялык негиздемеге ээ болгон. Ортоңку кылымдар светтик жана рухий бийликтин ортосундагы кандуу согуштар менен айырмаланган. Европада папоцезаризмдин теократиялык модели диний иделогиянын светтик идеологиянын үстүнөн болгон үстөмдүгүнүн негизинде ишке ашып келген. Андан кийин папоцезаризмге реакция катары коомдогу секуляризация жана гуманисттик идеалдардын өрчүп өнүгүүсү болду. Россиянын аймагында рухий бийлик, византиялык императордуктун идеалдарын энчилеп алып, өзүнө чиркөөнүн колдоочусу ролун алган цардын башкы ролун тааныды.

Диний-философиялык традициянын рамкасында мындай мамилелердин «бийликтердин симфониясы» деп, ал эми светтик философиянын тилинде – цезаропапизм, деп аталышын белгилей кетүү керек. Мамлекет менен чиркөө ортосундагы ара байланышы маанилүү орунду ээлеген орус диний философиясы рухий жана светтик билийкти жараштыруу жана алардын ар бирөөнө бийлик чөйрөсүн бөлүп берүү аракетинде бул концепцияны «бийликтердин симфониясы» деп идеалдаштырат. Бирок, орус православ чиркөөсү императордук бийлик менен кызматташууда калыптанган өзгөчө бир жергиликтүү чиркөө катары түзүлгөнүн унутпоо керек. Кеп иш жүзүндө аткарылган нерсени постфактум түрүндө теоретикалык жактан актоо жөнүндө болууда. Формалдуу негизде кесарь тышкы епископ тарабынан таанылган, бирок иш жүзүндө анын рухий бийлиги жана кадыр-баркы тышкы маселелер менен чектелген эмес. Кесарьга христианчылыктын чындыгын сактоо функциясы артылган. Ошондуктан «бийликтердин симфониясы» аттуу византиялык концепция мамлекет менен чиркөөнүн бийлик ыйгарым укуктарын ажыратуу теориясы катары – рухий жана светтик бийликтердин оптималдуу айкалышуусу үчүн жасалган симфониялык иш алып баруу максатындагы ажыратуу теориясы катары эч бир деңгээлде боло албайт.

**«Ислам жана анын христиандык теократия менен байланыштары»** аталыштагы бешинчи параграф исламдык башкаруу түрлөрүн изилдөөгө жана аларды христиандык түрлөр менен салыштырууга багытталган. Алдын ала байкоо катары бийликтин светтик жана рухий түшүнүктөрүнүн ажыратуу жөнүндө суроо орто кылымдык мусулмандык коомдун ой жүгүртүүсүнүн темасы болбогондугун айтып кетүү керек. Ислам уламала окууларында жана ага тийишнтүү диний философияда мамлекеттин түзүлүшү жана формасына карата диний жана светтик түшүнүктөр жок. Мусулмандын жашоосунда болуп жаткан бардык окуялар, аны курчаган бардык нерсе түздөн-түз диний мааниге ээ болуп, рухий чөйрө менен байланышкан. Азыркы учурда мусулман улама окууларындагы бийликтин табияты жөнүндө суроолор дагы эң маанилүүлөрдүн катарына кирет. Коомдук түзүмдүн салттуу түрлөрүн карманган мамлекеттер өзү сыяктуу мамлекеттер менен тыгыз байланышта болуусу анык. Мындан тышкары, ислам мазхабдарынын ортосунда айырмачылыктар жана шиит менен сунниттерге бөлүнүү бар экендигине карабай социалдык жактан интеграциялоо функциясын кээ бир принципиалдык жактан ажыраган христианчылык бутактарын салыштырмалуу мыкты аткарат. Бул себепке байланыштуу христиан теократияларынын келечеги теократиялык исламдын келечегине салыштырмалуу анчалык глобалдуу көрүнбөйт. Аны менен бирге, албетте, ислам шексиз түрдө жалгыз эмес жана христианчылык сыяктуу эле ересьтердин жана конфессиялардын пайда болушуна жакын. Бирок, бир маанилүү фактыны белгилей кетүү керек: исламда дин улуттан жогору тургандыгы жөнүндө түшүнүк бар. Христианчылыкта болсо конфессиялык теократиялык концепциялар улуттук мамлекеттерди түзүүгө багытталган. Бул

ислам теократиясынын келечеги ийгиликтүүрөөк боло тургандыгы жөнүндө божомол куруууга жол берет.

Ошентип, ислам менен христианчылыктынн теократиялык схемаларын салыштыруу христианчылыктан жана иудаизмден теократиялык башкаруу ыкмаларды алуу менен ислам христианчылыкка салыштырмалуу келечеги кең жана башка багыттары жана тенденциялары бар теократияны жаратты. Светтик башкаруу замандарында экинчи планга четтетилген башкаруунун ислам принциптери азыркы учурда өзүн активдүү көрсөтүүдө (саясий фундаментализм). Теократиялык концепциялардын жалпы булактары жана окшоштуктары көзгө көрүнүп турат жана алар өзүн тарыхый жактан көрсөтүп турат. Башында динаятты билбеген исламда андан мурунку доорлордо ар бир теократиянын ичинде орун алган өзгөрүүлөр болуп өткөн. Тарыхта бири-бирине таянып келген дин жана мамлекет азырынча бири-бирисиз жан сактай албайт. Диндин саясатташылганын тануу маанисиз жана мүмкүн эмес. Мамлекет дайыма динди өзүнүн статусун жана бүтүндүгүн сактоо үчүн дайыма колдонуп келген жана азыр да колдонууну улантууда. Мамлекет менен диндин өз ара иш алып баруусун эске алуу менен социалдык-саясий башкаруунун эң мыкты формасы катары замандын талаптарына жана коомдук түзүлүштү сактоо талаптарына шайкеш келген форма эсептелет.

Иштин **жыйынтыгында** изилдөөнүн натыйжалары келтирилген, негизги корутундулар жана сунуштар баяндалган. Иштин натыйжаларын талдап жана жалпылап жатып, орто кылымдык католицизм, православие жана исламдагы теократияга арналган диссертациялык изилдөө компаративдик талдоо аркылуу жүргүзүлгөндүгүн белгилей кетүү керек. Бул теократиянын конкреттүү түрүнүн ийигилктүүлүгүн камсыздаган тиги же бул тарыхый жана социалдык-маданий шарттарда калыптанып калган теократиялык схеманын дал мүнөзү жана курамы аныктоочу фактор катары чыга келерин чагылдырат. Заманбап чындыкка карай келгенде бул факт ал-акыбал кризистик деп бааланган азыркы коомчулуктун тарыхый өнүгүү жолу жана көп маданияттуу өз ара көз карандылыгы тууралуу дагы бир жолу ойлонууга түрткү берет. Буга байланыштуу бул диссертациялык иште алынган изилдөөнүн жыйынтыктары коомдун өнүгүү векторлорун жана коомдук өнүгүүнү оптимизациялоо үчүн методдорду көрсөтүүчү кандайдыр бир багыттама катары каралышы мүмкүн. Жүргүзүлгөн илимий изилдөө төмөнкү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

**1.** Теократия көп пландуу көрүнүш катары бүтүндөй социалдык-гуманитардык билимдин ар бир тармагынын изилдөө предмети болгон спецификалык онтологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен ар бир гуманитардык илим тарабынан өз алдынча аныкталат. Диссертациялык изилдөөнүн философиялык багыттамасы тарых, укук таануу, саясат таануу, социология маданият таануу жана дин таануу, ошондой эле медиевистика жана глобилистика сыяктуу дисциплиналар аралык багыттар менен көрсөтүлгөн социалдык-гуманитардык билимдин натыйжаларын жалпылоого

кызмат кылат. Теократия түшүнүгүнүн олуттуу түрдө такталышы жана аны компаративдик талдоо бул феноменди тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Диний жана светтик бийликтин айкалашуусун саясий басымдуулуктун багытталышын аныктаган мүнөздөмө катары эске алуу теократия түшүнүгүн аныктоодо илимий объективдүүлүк жана историзм принциптеринин сакталышын камсыз кылат. Изилденип чыккан теократиянын католиктик, православдык жана исламдык түрлөрүнө ылайык социалдык философия көз карашынан олуттуу деп эсептелген тиешелүү теократиялык схемаларды салыштыруу критерийлери чыгарылды. Бул критерийлердин катарына төмөндөгүлөр кирет: диний жана светтик бийлик институттарынын түзүлүшү жана алардын иерархиялык байланыштары; теократиялык башкаруунун негизги фигураларынын абалы; теократиялык бийликтин башчысынын диний-саясий статусу (анын таза же дуалдык тиби); теократияны институтташтыруудагы колдонулуучу ыкмалар; теократиялык башкаруунун формаларынын маданий-тарыхый спецификасы; теократиянын негизинде жаткан идеологиялык принциптер.

**2.** Орто кылымдык Европада, Русьта жана Араб халифатында калыптанган социалдык-саясий кырдаалдын мисалында коомдун структуралык биримдигине жана мамлекеттик бийликтин борбордошуу деңгээлине болгон теократиялык концепциянын конкреттүү механизми жана калыптанган борбордук бийликтин теократиянын спецификасына карата тескери таасир этүү механизми аныкталды. Бул таасир каралып жаткан заманда социалдык чөйрөдө бийликтин ыйык табияты тууралуу көз караштарды актуалдаштыруу аркылуу ишке ашырылып келген. Мындай иллюзордук чындык шартында өзүн түгөтүп жоготкон мурунку коомдук-тарыхый ориентирлердин ордун толугу менен баса турган жаңы социалдык максаттар багытталат. Башкаруу ыкмаларынын түзүлүшүндө болгон өзгөрүүлөр акыры мамлекеттердин борборлошуусун шарттаган жана ал мамлекеттерде башкаруунун теократиялык ыкмасы калыптанып, аларга жаңы коомдук-тарыхый формаларга өтүүгө мүмкүнчүлүк берген.

**3.** Компаративдик метод бир катар кемчиликтерге ээ болгондугуна карабаостан – мисалы контенттерди салыштыруу мүмкүн эместигин алсак – теократия сыяктуу көп аспектилүү түшүнүктүү изилдөөдө бул метод эң эле ылайыктуу көрүнөт. Социалдык философияда прогноздук функция өзгөчө негиздөөнү талап кылгандыгына байланыштуу, компаративисттик методду ретроспективдүү талдоо менен толуктоо максатка дал келет (теократияга караштуу ретроспекция компаративистиканын жеке түрү болуп эсептелет). Диссертацияда колдонулган ретроспективдик талдоо прогноздоо функциясын жетиштүү деңгээлде натыйжалуу аткарып, мындан кийинки социалдык-философиялык изилдөөлөрдүн методологиялык базасы боло алат.

**4.** Теократиялык башкаруу ыкмасынын коомго таасир этүү мүмкүнчүлүгү анын диний курамы канчалык деңгээлде коомдун социалдык мобилизациясына жана консолидациясына түрткү бере алгандыгы менен

аныкталат. Орто кылым заманындагы теократиялык башкаруунун негизги түрлөрүн салыштырмалуу талдоо алардын жогоруда көрсөтүлгөн талаптарга жооп берген өзгөчөлүктөрүн табууга мүмкүнчүлүк берет. Коомдун социалдык талаптарына оптималдуу шайкештикти католицизм, православие жана исламдын теократиялык концепциялары сунуштайт, бул менен алардын тарыхый ийгилигин түшүнүүгө болот. Диссертацияда каралган король менен папанын фигуралары алардын коом тарабынан эки беттүү кабыл алынышынан улам орто кылымдык Европада бийликти аткаруу механизмдеринде тиешелүү түрдө чагылдырылган. Король менен папанын фигураларынын Христостун фигурасы менен болгон тыгыз байланышы бийликтин эки беттүү мүнөзүн (адам менен Кудайдын касиеттерин тең алып жүрүү дегендик) баса белгилеп, анын теологиялык апологетикасын чагылдырат. Башчынын фигурасынын эки жактуулугу христиандык теологиялык ойдун мурасы болуп, христиандык саясий теологиясынын өнүгүүсүндө эң маанилүү идея катары кызмат кылат.

Орто кылымдык христиан дүйнөсүнүн теократиялык башкаруунун формаларынын негизинде туруп, цезаропапизм жана папоцентризм түрүндө көрүнгөн башчыны деификациялоо боюнча байыркы концепция Христос борбордук орунда турган көз караш менен байытылган. Ислам теократиясын айрмалап турган өзгөчөлүгү халиф-имамдар Кудайдын орун басарлары эмес, Мухаммед пайгамбардын жолун жолдоочулар катары чыгуусунда, ал эми христиандык теократиялык мамлекеттерде башчы өзүн Кудайдын бийлигин алып жүргөн адам катары жарыялайт. Суннизмди түшүнүдөгү ислам теократиясынын идеалы өзүндө диний-рухий жана светтик бийликтерди бириктирип турган халифтин фигурасында чагылдырылган. Шиизм тууралуу айта турган болсок, анын өкүлдөрү халифат менен имаматтын бир адам башкаруу мүмкүндүгүн талашып келишет. Теократиялык схемалардагы окшош жана ар башка элементтери бири-бири менен ажыратуу жана салыштыруу диндин саясатка болгон же/жана, тескерисинче, таасирди аныктоого мүмкүнчүлүк берип, ал теократиянын ар бир түрүнүн жашоо жөндөмүн көрсөткүчү болуп, келечекти прогноздоого жардам берет.

**5.** Теократиянын мамлекеттин борбордошуусуна, анын структурасына жана, жалпысынан, коомдун өнүгүүсүнө болгон таасир этүү жөндөмү теократиянын социалдык-функционалдык жактан жогорку натыйжалуулук жана маанилүүлүккө ээ болгон коомдук болмуштун компоненттери менен өз ара аракеттешүүгө тартылуусу сыяктуу мүнөздөмө менен камсыздалган. Бир нече кылымдардын арасында теократиянын бул сыяктуу кабылдоочулугу аны орто кылымдык маданияттын эң маанилүү модели кылып, социалдык өнүгүүнүн ачык векторлорун так көрсөтүү менен бирге теократияны эң эле ооматтуу башкаруу формаларынын бирине айлантты. Христианчылык жана исламдын диний системалары алар мурда жанаша катнашта болгон элдердин социалдык жашоосуна өтө чоң таасирин тийгизген. Бирдиктүү жер ортолук деңиз аймагында жаралган, айырмасына караганда окшош жактары көп

католицизм, православие жана исламдын башкаруу формаларынын жалпы тамыры бар экендиги тууралуу ой жүгүртүүгө түрткү берет.

**6.** Христиандардан алынган Улуу Константиндин саясий идеологиясы мамлекеттүүлүктүн империдик доктринасы менен бирге жашап келген. Бул жерде «чиркөө» жана «улут» түшүнүтөрүнүн аралашуусу байкалат. Христианчылык идеологиянын элементи катары колдонулуу жолу менен ал учурда социалдык-саясий шарттарда өтө керек болгон саясий доктринанын туруктуулугун бекемдей алды. Византиянын үстүнө абсолютизмдин негизинде куралган чачырап жаткан Рим империясынын көлөкөсү ар дайым түшүп турган. Мында миңдеген жылдар бою жашап келген жана өз убагында бүтүндөй империяны басып алган мамлекеттүүлүктүн ролун ашыра баалоо мүмкүн эмес.

Орто кылымдык Русь тууралуу айта кетсек, анын шарттарына мурда феодалдык коом шарттарына көнгөн жана коомдук консолидациянын идеократиялык формасына жана мамлекетти борбордоштуруу талаптарына жооп берген православдык христианство эң эле ылайык болгон. Православие класстык теңсиздикти, башкаруу жана баш ийүү бийлик мамилелелрин, коомдун феодалдык түзүлүшүн жактаган. Мамлекеттик бийликти керектүү деңгээлде ыйык касиеттендирип, ал орто кылымдык Русьтун талаптарына толугу менен жооп берген. Бекеринен князь Владимирдин тандоосу саясий жана идеологиялык жактан шартталган болбосо керек.

Аравияда жашаган урууларга карата, алардын күч алышы протомамлекеттик системага идеократиялык компоненттин алынып келиши менен болгонун айта кетүү керек. Аравиянын жаңы тарыхый доорунун эң маанилүү процесси катары коомдун социалдык-саясий жашоосунда башкаруунун жаңы механизминин калыптануусу эсептеле баштады. Бул процессте теократиянын жеке жогорку бийлик институту катары жаралышы, ошондой эле жогорку суверенитетти алуу үчүн укук булактарынын керектиги жөнүндө көз караштардын пайда болушу борбордук орунду ээледи.

Демек, курамы боюнча дээрлик ар башка теократиялык схемалар мамлекеттердин негиздеринин бекемделишине өбөлгө түзүп, алар орнотулган мамлекеттердин суроо-талаптарына ылайык колдонулган.

**7.** Заманбап коомдо диний фактордун өсүшүн тиешелүү коомдук-саясий процесстердин маанилүү кесепеттери катары баалоого болот. Мисалы, көп убакта атеисттик идеология үстөмдүк кылган постсоветтик коом тез эле бир катар диний идеологиялардын таасиринде калды. Бул, биринчиден, салттуу көп улуттуу коомдун конфессияларынын кайра жаралуусунан улам болсо, экинчисинен, анда жаңы диний окуулардын жана культтардын жайылышынан улам камсыздалды. Мындай акыбал коомдук жашоонун диний жана светтик компоненттеринин өз ара катнашы, алардын ар биринин мамлекеттик башкаруу формасына болгон таасири менен байланышкан проблематиканы актуалдаштырды.

Католицизм, православие жана исламдын теократиялык схемаларын салыштыруу христианчылыктан жана иудаизмден теократиялык башкаруу ыкмаларды алуу менен ислам христианчылыкка салыштырмалуу келечеги кең жана башка багыттары жана тенденциялары бар теократияны жараткандыгы тууралуу корутунду чыгарса болот. Бул христианчылыкка ссалыштырмалуу ислам теократиясынын перспективалары кеңири экенин божомолдоого мүмкүнчүлүк берет. Алсак, светтик башкаруу замандарында экинчи планга четтетилген башкаруунун ислам принциптери азыркы учурда өзүн активдүү көрсөтүүдө (саясий фундаментализм). Башында динаятты билбеген исламда андан мурунку доорлордо ар бир теократиянын ичинде орун алган өзгөрүүлөр болууда.

Ошентип, тарыхый процесстин жүрүшүндө бири-бирине таянып келген дин менен мамлекет бири-бирисиз жан сактай албайт. Диндин саясатташылганын тануу кайсы бир мамлекет динди өзүнүн статусун сактоо колдонууну токтотот дегендей эле маанисиз. Мамлекет менен диндин өз ара иш алып баруусун эске алуу менен социалдык-саясий башкаруунун эң мыкты формасы катары замандын талаптарына жана коомдук түзүлүштү сактоо талаптарына шайкеш келген форма эсептелет. Теократиянын ар кайсы формасында мамлекеттин кызыкчылыктарынын үстөмдүгү оңой байкалат, андыктан ар бир теократияны бийликти жүргүзүүдөгү этатисттик модели деп атаса болот. Бул моделде мамлекеттин өзүн өзү сактоо жана бийликти көбөйтүү кызыкчылыктары приоритеттүү болуп саналат, ал эми ал кызыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн теократияны эң эле ылайыктуу ыкма катары эсептесе болот. Кыргыз Республикасындагы исламды модернизациялоо процесстери бир гана коомдун динге болгон талабынын чагылдыруусу болбостон, мамлекеттин тышкы саясат кызыкчылыктарын байкоого жардам берет.

**Диссертациянын негизги жоболору автордун төмөнкү иштеринде чагылдырылган:**

**1.** *Хан, Н.Р.* Дин таануучуларды даярдоонун структурасы жана андагы дин таануунун тарыхынын орду [Текст] / Н.Р. Хан // КРСУ Вестниги. 2010. Т.10. №8. –157-161-Б.

**2.** *Хан, Н.Р.* Дин таануунун классикалык университеттик билим берүүдөгү орду [Текст] / Н.Р. Хан // Классикалык университеттик билим берүү: Кембридж университетинин 800 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференциясынын жана КРСУнун методологиялык семинарынын материалдары (Бишкек, 2009-ж. 24-25-декабры) / И.И. Иванованын жалпы редакциясында. – Бишкек: V.R.S. Company, 2010. – 202-210-Б.

**3.** *Хан, Н.Р.* Дин таануу менен философиянын байланышы: дисциплиналар аралыктын спецификасы [Текст] / Н.Р. Хан // «Маданияттын трансформациясы процессиндеги философия жана билим берүү» (Москва ш.,

2011-ж. 14–15-декабры); «Философия жана заманбап илимдин парадигмалары» (Москва ш., 2011-ж. 15–16-декабры) аталышындагы юбилейлик конференциялардын материалдары / В.В. Мироновдун, Е.В. Брызгалинанын, А.П. Козыреванын, В.И. Маркиндин редакциясында; Түзүүчү: П.Н. Костылев. [Электрондук булак]. – М.: М.В. Ломоносов атындагы ММУнун философия факультети, 2011. – 1 электрон. опт. диск (CD-ROM); 12 см. – file://D:/Education-6.pdf [25-Б].

**4.** *Хан, Н.Р.* Кыргызстан-Россия Славян университетинин академиялык саясатындагы традиция жана инновациялардын негизи катарында [Текст] / Н.Р. Хан // «Маданияттын трансформациясы процессиндеги философия жана билим берүү» (Москва ш., 2011-ж. 14–15-декабры); «Философия жана заманбап илимдин парадигмалары» (Москва ш., 2011-ж. 15–16-декабры) аталышындагы юбилейлик конференциялардын материалдары / В.В. Мироновдун, Е.В. Брызгалинанын, А.П. Козыреванын, В.И. Маркиндин редакциясында; Түзүүчү: П.Н. Костылев. [Электрондук булак]. – М.: М.В. Ломоносов атындагы ММУнун философия факультети, 2011. – 1 электрон. опт. диск (CD-ROM); 12 см. – file://D:/Education-6.pdf [25-Б].

**5.** *Хан, Н.Р.* Этноцентризм жана Борбордук Азиянын интеграция проблемасы: учурдагы статусу [Текст] / Н.Р. Хан // The Copernicus Journal of Political Studies. 2012. №1 (1). –122-129-Б.

**6.** *Хан, Н.Р.* Университеттик билим берүүдөгү диний проблематиканы комапаративдик талдоо: орто кылымдан баштап азыркы заманга чейин [Текст] / Н.Р. Хан // КРСУ Вестниги. 2012. Т.12. №3. – 119-123-Б.

**7.** *Хан, Н.Р.* Теократия дин менен саясий бийликтин диалогу катарында [Текст] / Н.Р. Хан // Заманбап дүйнөдөгү философия: көз караштардын диалогу: VI-Россиялык философиялык конгресстин материалдары (Нижний Новгород ш., 2012-ж. 27–30-июну). 3 томдук. Т.1. – Н. Новгород: Н.И. Лобачевский атындагы Нижний-Новгород шаарынын мамлекеттик университетинин басмасы, 2012. – 137-138-Б.

**8.** *Хан, Н.Р.* Орто-Жер деңиз маданиятындагы теократиянын орду [Текст] / Н.Р. Хан // КРСУ Вестниги. 2015. Т.15. №6. –44-47-Б.

**9.** *Хан, Н.Р.* Цезаропапизм жана папоцезаризм Чыгыш менен Батыштын ортосундагы диалогунда [Текст] / Н.Р. Хан // Философия. Толеранттуулук. Глобалдашуу. Чыгыш жана Батыш – көз караштар диалогу: VII-Россиялык философиялык конгресстин материалдары (Уфа ш., 2015-ж. 6–10-октябры). 3 томдук. Т.1. – Уфа: БашМУ РББ, 2015. – 301-Б.

**10.** *Хан, Н.Р.* Теократияны изилдөөдөгү дисциплиналар аралык ык-амал илимий талдоо ыкмасы катарында [Текст] / Н.Р. Хан // Жаңы илим: заманбап абалы жана өнүгүү жолдору: Эл аралык илимий-практикалык конференциянын жыйынтыгы боюнча (2016-ж. 09-марты, Оренбург ш.) эл аралык илимий периодикалык басма**.** 2 томдук. 2-Б. Стерлитамак: АМИ РББ, 2016. – 192-196-Б.

**11.** *Хан, Н.Р.* Диний-саясий феномендерди изилдөөдөгү компаративдик методологиянын өзгөчөлүктөрү [Текст] / Н.Р. Хан // Символ науки. 2016.№ 3-4. – 115-119-Б.

**12.** *Хан, Н.Р.* Папоцезаризм жана цезаропапизм христиандык теократиянын иштөө механизмдери катарында [Текст] / Н.Р. Хан // КРСУ Вестниги. 2016. Т.16. №6. – 194-198-Б.

**13.** *Хан, Н.Р.* Диний-саясий феномендердин компаративистикасы: салыштыруу критерийлери жана ретроспекция [Текст] / Н.Р. Хан // КРСУ Вестниги. 2016. Т.16. №8. – 96-100-Б.

**Хан Надежда Романовнанын 09.00.11 – «социалдык философия» адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты даражасын изденүү үчүн жазылган «Католицизм, православие жана исламдагы орто кылымдык теократия: компаративдик талдоо» темасындагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** христианчылык, ислам, диний-саясий феномен, башкаруу механизми, чиркөөлүк-мамлекеттик башкаруу, теократия, цезаропапизм, папоцентризм, компаративистика, ретроспекция.

Изилдөөнүн **объекти** катары дин менен саясаттын ортосундагы өз ара байланыш каралган. Изилдөөнүн **предмети** – ар түрдүү формаларындагы орто кылымдык теократия. Дал ушул формаларын компаративдиүк талдоо аркылуу теократиянын табиятын, анын функцияларын жана түзүлүшүн кароо жүргүзүлгөн.

Диссертациянын **негизги максаты** – философиялык, теологиялык жана башка ар түрдүү илимий булактарды изилдөө жолу менен компаративдик жана ретроспективдик талдоо аркылуу католицизм, православие жана исламдын орто кылым доорундагы теократиялык схемаларын табуу, мамлекеттин түзүлүшүндөгү теократиянын ролун жана функцияларын аныктоо, теократиянын коомдук өнүгүүгө болгон таасиринин деңгээлин баамдоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** башкысынан классикалык философиянын объективдүүлүк, диалектикалык ар тараптуулук, историзм, сестемдүүлүк, тарых менен логиканын биримдүүлүгү (генетикалык мамиле жана компаративдик-тарыхый ыкма катары), чындыктын конкреттүүлүгү, адамзаттын ишмердүүлүгүнүн жана анын натыйжларынын тарыхый шарттуулугу, коомдук болмуш менен коомдук аң-сезимдин өз ара аракеттешүү принциптери түзөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертацияда орто кылымдык теократиянын көп түрдүү формаларын кеңири компаративдик талдоо жүргүзүлгөн, анын заманбап глобалисттик коом үчүн маанилүүлүгүнүн мүнөзү аныкталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий жаңылыкка ээ болгон төмөндөгү конкреттүү натыйжалар алынды:

– теократияны изилдөө боюнча ар түрдүү мамилелердин, анын ичинде классфикациялоо-типологизациялоо (философиялык, жеке-илимий, теологиялык) мамилелерди комплекстүү системдештирүү жүргүзүлдү, алардын методологиялык жактан баалуу сүрөттөмөсү жалпыланган түрдө көрсөтүлдү;

– «теократия» жана «теократиялык башкаруу формасы» түшүнүктөрүнүн үстүнөн критикалык талдоо жүргүзүлдү;

– теократияны изилдөөдөгү компаративисттик мамиленин теоретикалык-методологиялык маанилүүлүгү негизделди, теократиянын ар түрдүү формаларын салыштырмалуу талдоо үчүн социалдык жана социалдык-саясий жагынан объективдүү түрдө маанилүү критерийлер сунушталды;

– теократия феноменинде анын диний жана секулярдык компоненттери такталды, «теократия» түшүнүгүндө коомдук чөйрөнүн кубулушун сүрөттөгөн бардык аспектилер бөлүнүп чыгарылды;

– бекитилген компаративисттик критерийлеринин жардамы менен орто кылымдык теократиянын схемаларынын үстүнөн салыштырмалуу талдоо жүргүзүлүп, анын негизинде теократиялык башкаруунун өздүк классификациясы сунушталды;

– кризистик социалдык акыбалдын контекстинде орто кылымдык теократияны талдоо аркылуу теократиянын социалдык процесстерге карата болгон карама-каршы таасир этүүсүнүн кээ бир механизмдери аныкталды;

– теократиянын диний жана секулярдык аспектилеринин ортосундагы катнаштын мисалында мамлекеттик-саясиий түзүлүштүн өнүгүүсүндөгү жалпы жана жеке жактарынын диалектикасы конкреттештирилди;

– ретроспекция сыяктуу методологиялык жактан баалуу аналитикасынын өзгөчөлүктөрү такталды, анын маданий-тарыхый компаративистика менен байланышы көрсөтүлдү, орто кылымдык теократияны ретроспективдик талдоо жолу аркылуу коомдук-саясий окуяларды социалдык жактан прогноздоо мүмкүнчүлүктөрү камтылды.

**Колдонуу боюнча рекомендациялар.** Диссертациянын материалдары жана жыйынтыктары социалдык-гуманитардык илимдер тармагында, анын ичинде саясий байланыштар жана мамлекеттик башкаруу чөйрөлөрүндө кандай болбосун аналитикалык ишкердүүлүктүн мыкты методологиялык негизи болуп бере алат. Ошондой эле аларды социалдык жана саясий философия, маданият философиясы, башкаруу философиясы, саясат таануу, тарых, дин таануу илимдери боюнча окуу курстарын иштеп чыгууда кеңири колдонууга болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Хан Надежды Романовны на тему «Средневековая теократия в католицизме, православии и исламе: компаративный анализ» на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия**

**Ключевые слова:** христианство, ислам, религиозно-политический феномен, механизм управления, церковно-государственное правление, теократия, цезаропапизм, папоцезаризм, компаративистика, ретроспекция.

В качестве **объекта** настоящего исследования выступает взаимосвязь и взаимозависимость религии и политики. **Предметом** исследования является средневековая теократия в ее различных формах. Именно через компаративный анализ этих форм осуществлено рассмотрение природы теократии, ее функций и структуры.

**Основная цель** диссертации – посредством компаративного и ретроспективного анализа, осуществляемого через исследование философских, теологических и разнообразных научных источников, выявить суть теократических схем католицизма, православия и ислама в эпоху средневековья, определить роль и функции теократии в структуре государства как такового, оценить степень влияния теократии на развитие общества.

**Методологическую основу исследования** составляют в основном принципы классической философии – объективности, диалектической всесторонности, историзма, системности, единства исторического и логического (в качестве генетического подхода и в качестве компаративно-исторического приема), конкретности истины, социально-исторической обусловленности человеческой деятельности и ее результатов, взаимодействия общественного бытия и общественного сознания.

**Научная новизна исследования.** В диссертации осуществлен развернутый компаративный анализ многообразных форм средневековой теократии, определен характер ее значимости для современного глобалистского общества. В ходе исследования получены следующие конкретные результаты, обладающие научной новизной:

– произведена комплексная систематизация различных, в том числе классификационно-типологических подходов к исследованию теократии – философских, частно-научных, теологических, – представлена в обобщенной форме их методологически ценная картина;

– осуществлен критический анализ понятий «теократия» и «форма теократического правления»;

– обоснована теоретико-методологическая значимость компаративистского подхода к исследованию теократии, для сравнительного анализа различных форм теократии предложены объективно значимые в социальном и социально-политическом отношении критерии, действительно отражающие существенные признаки феномена;

– в феномене теократии уточнены его собственно религиозные и секулярные компоненты, в соответствующем понятии «теократия» выделены все те аспекты, которые отражают природу общественного;

– с помощью установленных компаративистских критериев осуществлен сравнительный анализ схем средневековой теократии, на основании чего предложена собственная классификация форм теократического правления;

– через анализ средневековой теократии в контексте кризисного социального положения установлены некоторые механизмы обратного воздействия теократии на социальные процессы;

– на примере соотношения религиозного и секулярного аспектов теократии конкретизирована диалектика общего и частного в развитии государственно-политического устройства;

– уточнены особенности такой ценной в методологическом плане аналитики, как ретроспекция, показаны ее связи с культурно-исторической компаративистикой, освещены возможности социального прогнозирования общественно-политических событий посредством ретроспективного анализа средневековой теократии.

**Рекомендации по использованию.** Материалы и выводы диссертации могут служить хорошей методологической основой для любой аналитической деятельности в области социо-гуманитаристики, в том числе в политико-коммуникационной и государственно-управленческой сфере. Весьма широко они могут использоваться в разработке учебных курсов по социальной и политической философии, философии культуры, философии управления, политологии, истории, религиоведению.

**SUMMARY**

**Khan Nadezhda Romanovna's theses on a subject «Medieval theocracy in Catholicism, Orthodoxy and Islam: comparative analysis», submitted for the scientific degree of candidate of Philosophical sciences in the specialty 09.00.11 – «Social philosophy»**

**Keywords:** Christianity, Islam, religious and political phenomenon, control mechanism, church-state governance, theocracy, caesaropapism, papocezarism, comparativistic, retrospection.

**Object of the thesis research** is interconnectivity and interrelationships of religion and politics. **Subject** is medieval theocracy and its various forms. The nature of theocracy, its functions and structure is examined by means of the comparative analysis.

**The main goal of the thesis research is** to reveal the essence of theocratic schemes of Catholicism, Orthodoxy and Islam in the Middle Ages, determine the role and functions of theocracy in the structure of the State, assess the level of influence of theocracy on societal development through comparative and retrospective analysis carried out through the study of philosophical, theological and diverse scientific sources.

**Scientific and information base of the thesis research.** In the basis of scientific research there applied the basic principles of classical philosophy: the principles of objectivity, dialectical comprehensiveness, historicism, consistency, integrity of historical and logical (as the genetic approach and as the comparative-historical method), concreteness of truth, socio-historical conditioning of human activity and its results, interrelationship between social being and public consciousness.

**Scientific novelty of the study.** The thesis research involves the extended comparative analysis of various forms of medieval theocracy and determination of its importance for modern globalist society. The study revealed the following concrete results:

- the complex systematization of various approaches to the study of theocracy, including classification and typological, philosophical, private scientific research, theological approaches as well as presentation of their methodological value in summarized form;
- performing the critical analysis of «theocracy» and «theocratic-style governance» concepts;
- substantiation of the theoretical and methodological significance of the comparative approach to the study of theocracy; for comparative analysis of various forms of theocracy were proposed objective criteria in social and socio-political angles, reflecting the essential features of the phenomenon;
- specification of religious and secular components in the concept of «theocracy» in the phenomenon of theocracy; all aspects reflecting social nature were identified in the concept of «theocracy»;
- comparative analysis of the schemes of the medieval theocracy was carried out by means of identified comparative criteria the basis on which own classification of the forms of theocratic government was proposed;
- determination of some mechanisms of the reverse impact of theocracy on social processes through the analysis of the medieval theocracy amid the crisis social situation;
- concretization of dialectics of general and specific in the development of the political form of the State using the example of the ratio of religious and secular aspects of theocracy;
- clarification of a particular feature of analytics that is valuable in terms of the research methodology such as retrospection; its links with cultural and historical comparativistics as well as opportunities of social forecasting for socio-political events by means of the retrospective analysis of the medieval theocracy is highlighted in the thesis research.

**Research and practical relevance of the study.** The materials and findings of the thesis can be used as a good methodological basis for any analytical activity in the area of human sciences, including political and communication and public administration spheres. The results of the thesis can also be widely used in development of training course materials on social and political philosophy, philosophy of culture and management, political science, history and religious studies.